Мындай мисалдар макалдардын бүгүн да актуалдуу экенин көрсөтөт.

Жыйынтыктап айтканда түрк тилдүү элдердин макал-ылакаптары – бул бир эле сөз казынасы эмес, тарыхтын, маданияттын жана руханий дүйнөнүн күзгүсү. Алардын мазмунунда жаш муунду тарбиялоонун жалпы принциптери чагылдырылган. Эмгекчилдикке үндөө, билимди баалоо, улууну урматтоо, кичүүгө ызаат көрсөтүү, ынтымак жана адилеттүүлүк – түрк дүйнөсүнө орток тарбиялык идеялар болуп саналат.

Ошондуктан макалдарды изилдөө – бул тарыхты гана эмес, бүгүнкү күндүн тарбиялык практикасын да байытуу болуп эсептелет. Түрк элдеринин руханий биримдигин далилдеген макал-ылакаптардын мазмуну жаш муунга жол көрсөтчү чоң мурас катары ар дайым баалуу болуп кала берет.

Түрк тилдүү элдердин макал-ылакаптары – бул улуу руханий мурас. Алар ар бир элдин өзүнө таандык тилинде айтылса да, тарбиялык идеялары бирдиктүү.

Негизги орток тарбиялык идеялар колдонулуп келет.

1. Эмгекчилдик жана ишке умтулуу.
2. Билимге жана акылга умтулуу.
3. Улууга урмат, кичүүгө ызаат.
4. Ынтымак жана биримдик.
5. Адилеттүүлүк жана чынчылдык.
6. Кичипейилдик жана жоомарттык.
7. Сабырдуулук жана чыдамкайлык.
8. Жаратылышка аяр мамиле жасоо.

Бул баалуулуктар түрк элдеринин руханий биримдигин далилдейт. Макалдар – буларды муундан муунга өткөрүп турган руханий көпүрө. Кыргыз илимпозу Т. Айдаров: «Элдик педагогиканын өзөгү – макал-ылакаптар, алар баланын жүрүм-турумуна түздөн-түз таасир берет» деп жазат [6, с. 58].

Демек, макал-ылакаптарды терең изилдөө жана жаш муундун тарбиясында кеңири колдонуу – бүгүнкү күндө да актуалдуу жана зарыл. Түрк дүйнөсүн бириктирген бул акылмандык мурас коомду адилеттүү, билимдүү, ынтымактуу кылып өнүктүрүүгө чоң салым кошо берет.

**Пайдаланылган адабияттар**


1. Абдылдаев, С. Кыргыз макал-ылакаптарынын тарбиялык мааниси. – Бишкек: Кыргыз Университети, 2010.
2. Айдаров, Т. Элдик тарбиянын булактары. – Бишкек: Улуу Тоо, 1998.
3. Әуезов, М. О. Әдебиет тарихы. – Алматы: Жазушы, 1959.
4. Жамгырчиев, Б. Кыргыз элдик педагогикасы. – Бишкек: Илим, 2003.
5. Кононов, А. Н. Түркологические исследования. – Москва: Наука, 1974.
6. Қаюмов, А. Oʻzbek xalq maqollari va ularning tarbiyaviy ahamiyati. – Тошкент: Fan, 1981.
7. Köprülü, M. F. Türk Edebiyatında İlk Mutasavvıflar. – İstanbul: Dergah Yayınları, 1992.
8. Хазретали, Ж. Казак жана кыргыз макал-ылакаптарынын салыштырма анализи. – Алматы: КазУУ,- 2015.


**УДК: 37.02** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.409**

## БАШТАЛГЫЧ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ АДИСТЕРИН ЗАМАНБАП ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУН КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ КОМПЕТЕНТТҮЛҮК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Касымбеков Эркин Аскарбекович п.и.к., доцент
ORCID 0009-0003-9232-356 1966erkin@gmail.com
Назаркулова Мейил Нурлановна Пм-1-24
Ташиева Ширин Абубакировна Пм-1-24

# ФОРМИРОВАНИЕ КОМПЕТЕНТНОСТНЫХ НАВЫКОВ У СПЕЦИАЛИСТОВ НАЧАЛЬНОГО ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ ПОСРЕДСТВОМ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ СОВРЕМЕННЫХ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ

Касымбеков Эркин Аскарбекович к.п.н., доцент
0009-0003-9232-356
1966erkin@gmail.com
Назаркулова Мейил Нурлановна ПМ-1-24
Ташиева Ширин Абубакировн ПМ-1-24

# FORMATION OF COMPETENCE SKILLS OF PRIMARY VOCATIONAL EDUCATION SPECIALISTS THROUGH THE USE OF MODERN TEACHING METHODS

Kasymbekov Erkin, Candidate of Sciences, Associate Professor
0009-0003-9232-356
1966erkin@gmail.com
Nazarkulova Meiil Pm-1-24
Tashieva Shirin Pm-1-24

**Аннотация:** Компетенттүүлүк мамиленин негизинде билим берүү - бул максаттарды аныктаганга, мазмунду тандоого, билим берүү процесстерин уюштурууга, билим берүү технологияларын, билим берүүнүн жыйынтыктарын, окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн билим алуусунун натыйжаларынын актуалдуу биргелешкен компетенциялары түрүндө жана бул компетенциялардын тиешелүү деңгээлинин калыптанышынын жыйынтыктарын көргөзүүгө негизделген баалоону тандоо. Бул окутуунун жыйынтыктарын моделдештирүү жана аларды билим берүүнүн сапаттарынын нормасы катарында көргөзүү усулу. Компетенттүүлүк мамиленин негизинде билим берүү деген акырындык менен билим берүүдөгү басымдуулук кылган билимдерди трансляциалоо парадигмасынан учурдагы көп факторлуу социалдык-саясий, базар экономикалык, мейкиндиктин ашкере жыш маалыматтык жана коммуникациянын [7].

Компетенттүүлүк багытта билим берүүнүн негизги шарттары жана талаптары болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

-сабактарда жагымдуу маанай тартуулаган климатты түзүү;

-окутуунун активдүү формаларын колдонуу, мугалимдин студенттер менен өз ара аракеттеринин формалары;

- өз алдынчалыктын деңгээлинин өсүшү менен практикалык иштердин татаалдыгынын өсүшү;

-ар бир практикалык сабактын аягына чыгышы;

-окуу маалыматына тиешелүү болгон бардык иштердин жана милдеттердин ишке ашыруу жолдорунун так аныкталгандыны эсептелинет.

**Ачкыч сөздөр:** Компетенттүү, билим берүү, багыттоо, технологиялар, формалары, өнүгүү, шарттар.

**Аннотация:** Образование на основе компетентностного подхода - это выбор оценки, основанный на определении целей, выборе содержания, организации образовательного процесса, образовательных технологий, результатов обучения, результатов обучения выпускников учебных заведений в виде актуальных совместных компетенций и демонстрации результатов формирования соответствующего уровня этих компетенций. Это метод моделирования результатов обучения и демонстрации их как нормы качества образования. Образование, основанное на компетентностном подходе, постепенно вытесняет преобладающую парадигму передачи знаний в образовании из современной многофакторной социально-политической, рыночно-экономической, пространственно-перегруженной информационной и коммуникационной . Основными условиями и требованиями к образованию в области компетенции являются: - создание благоприятного климата на занятиях; - использование активных форм обучения, форм взаимодействия учителя со

студентами; - с ростом уровня самостоятельности возрастает сложность практической работы; - завершение каждого практического занятия; -четко определены пути реализации всех работ и задач, относящихся к учебной информации
.**Ключевые слова:** Компетентность, образование, ориентация, технологии, формы, развитие, условия.
**Annotation:** Competence-based education is an assessment choice based on the definition of goals, the choice of content, the organization of the educational process, educational technologies, learning outcomes, learning outcomes for graduates of educational institutions in the form of relevant joint competencies and demonstration of the results of the formation of the appropriate level of these competencies. It is a method of modeling learning outcomes and demonstrating them as standards of educational quality. Education based on a competence-based approach is gradually replacing the prevailing paradigm of knowledge transfer in education from the modern multifactorial socio-political, market-economic, spatially overloaded information and communication . The main conditions and requirements for education in the field of competence are: - creation of a favorable climate in the classroom; - the use of active forms of learning, forms of teacher-student interaction; - as the level of independence increases, the complexity of practical work increases; - completion of each practical lesson; -the ways of implementation of all works and tasks related to educational information are clearly defined
**Key words:** Competence, education, orientation, technology, forms, development, conditions.

Окутуунун методдору — бул окутуучу менен окуучунун ортосунда билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү максатында ишке ашкан биргелешкен иш-аракеттердин ыкмалары. Алар ар бир сабактын максатына, мазмунуна, окуучулардын мүмкүнчүлүгүнө жараша тандап алынат жана педагогикалык процессти уюштуруунун негизги каражаттарынын бири болуп эсептелет [9]

Көркөм өнөр сабагында окутуунун методдорун классификациялоо салттуу (классикалык) жана заманбап (инновациялык) деп негизги эки топко бөлүнөт:

**1. Салттуу окутуу методдору**

Бул методдор окуучуларга теориялык маалыматтарды берүү жана практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн колдонулат. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- **Түшүндүрмө жана баяндама методу** — мугалимдин билимди түз берүү жолу. Бул метод көркөм өнөр теориясын, түс, форма, перспектива сыяктуу түшүнүктөрдү киргизүүдө натыйжалуу
- **Сүйлөшүү жана суроо-жооп методу** — окуучулардын ойлонуп жооп берүүсүнө жана эстетикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.
- **Көнүгүү методу** — ар кандай техникада иштөө көндүмдөрүн, мисалы, акварель менен боёо же графикалык иштөө көндүмдөрүн бекемдөөгө арналат.
- **Көрсөтмө метод (визуализация)** — мугалим мисалдарды көрсөтөт, окуучулар көрүп, үйрөнүшөт. Бул метод образдуу кабыл алуу үчүн маанилүү
- Бул салттуу методдор окуу процессинде негизги билимди жана техникалык көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн зарыл, бирок чыгармачылык демилгени ар дайым толук кандуу өнүктүрө бербейт. [4

1. Түшүндүрмө жана баяндама методу.

Бул метод педагогикалык ишмердикте кеңири колдонулган эң негизги салттуу ыкмалардын бири болуп саналат. Анын маңызы – мугалим тарабынан окуу материалы түз жана логикалык тартипте берилет. Көркөм өнөр сабагында бул методду колдонуу, айрыкча жаңы теманы киргизүүдө же татаал теориялык түшүнүктөрдү түшүндүрүүдө натыйжалуу. Мисалы, **түс теориясы, форма жөнүндөгү түшүнүктөр, пропорция, перспектива жана композиция** сыяктуу темаларда мугалим көркөм искусствонун негизги илимий түшүнүктөрүн окуучуларга жеткиликтүү жана структуралуу түрдө айтып берет [3

Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, түшүндүрмө методу — окуучулардын кабыл алуу механизмине таасир эткен, билимдин негизин түзгөн таасирдүү ыкма . Бирок бул метод

окуучунун өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө көп шарт түзбөйт. Ошондуктан ал башка практикалык ыкмалар менен айкалыштырылып колдонулганда гана жогорку натыйжа берет.

2. Сүйлөшүү жана суроо-жооп методу.

Сүйлөшүү (диалогдук) жана суроо-жооп методу — окуучулар менен жигердүү баарлашууну камтыган жана ой жүгүртүү аркылуу билим алууга өбөлгө түзгөн ыкма. Бул метод аркылуу мугалим окуучунун эстетикалык түшүнүгүн жана көркөм образды кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрөт. Мисалы, белгилүү сүрөтчүнүн чыгармасын көрсөтүп, “бул эмнени билдирет?”, “эмне үчүн сүрөтчү мындай түс тандаган?” деген суроолор берилсе, окуучу ойлонуп жооп берүү аркылуу эстетикалык анализ жүргүзөт.

Бул метод “Сократтык маектешүү” моделине жакын болуп, окутуунун интерактивдүүлүгүн жогорулатат. Жусупов (2015) белгилегендей, бул ыкма билимди өздөштүрүүдө аң-сезимдүүлүк менен активдүүлүктү арттырат жана окуучунун индивидуалдуу оюн айтуусуна түрткү берет. Ошондой эле бул метод чыгармачылык пикирлешүүнүн негизин түзүп, класстагы окуу чөйрөсүн интерактивдүү кылат.

3. Көнүгүү методу.

Көнүгүү методу – бул практикалык ишмердик аркылуу окуучунун креативдүү жөндөмүн өнүктүрүүчү эң негизги методдордун бири. Бул ыкма көркөм өнөр сабагында техникалык көндүмдөрдү, мисалы, **чийүү, боёо, штрих түшүрүү, көлөңкө берүү,** ошондой эле түрдүү материалдар менен иштөө ыкмаларын өздөштүрүүдө колдонулат. Көнүгүү методу аркылуу окуучу жогорку деңгээлдеги моторикалык көндүмдөрдү калыптандырат, бул чыгармачылык иштин сапатына түз таасирин тийгизет .

Изилдөөлөргө ылайык, практикалык көнүгүүлөр үзгүлтүксүз жана ырааттуу жүргүзүлгөндө окуучунун чыгармачылык продукциясы кыйла жакшырат . Ошондуктан бул методду үзгүлтүксүз жана максаттуу уюштуруу зарыл. Мындан тышкары, көнүгүүлөрдүн деңгээлин окуучунун дараметине жараша дифференциациялап берүү да маанилүү.

4. Көрсөтмө метод (визуализация).

Көрсөтмө метод (көрүнөөлүк методу) – бул визуалдык куралдардын жардамы менен түшүндүрүүнү камсыздаган окутуу ыкмасы. Бул метод көркөм өнөр сабагында өзгөчө мааниге ээ, анткени көрүү аркылуу кабыл алуу — искусствонун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири. Окуучулар көркөм чыгармаларды, слайд-шоуларды, үлгүлүү иштери бар плакаттарды жана видео материалдарды көрүү менен билимди терең түшүнүшөт

Бул метод визуалдык элестетүүнү өнүктүрүү менен окуучунун искусствого болгон кызыгуусун арттырат. Визуализация билимдин образдуу кабыл алынышын шарттап, айрыкча башталгыч класстар үчүн мааниси жогору. Көрсөтмө ыкма интерактивдүү технологиялар менен айкалыштырылганда (мисалы, санариптик планшеттерде сүрөт көрсөтүү) ал кыйла натыйжалуу болот

**2. Интерактивдүү жана инновациялык окутуу методдору**

Көркөм өнөр сабагында окуучулардын чыгармачылык потенциалын ачып берүү үчүн заманбап педагогикалык ыкмалар кеңири колдонулууда:

- **Долбоордук метод** — окуучулар өз алдынча темалык долбоорлорду иштеп чыгат, бул аларга изилдөө, талдоо, ишти пландоо жана презентация көндүмдөрүн үйрөтөт.
- **Изилдөөчү метод** — окуучулар чыгармачылык маселенин негизинде өз алдынча изилдөө жүргүзөт. Бул ыкма анализ, салыштыруу, баалоо көндүмдөрүн өстүрөт.
- **Оюн методдору** — ролдук оюндар, сценарийлер аркылуу окуучулар искусствонун социалдык-культурдук баалуулуктарын түшүнүп, эстетикалык түшүнүгүн тереңдетет
- **Арт-терапия элементтери** — окуучулардын ички сезимдерин чыгармачылык аркылуу билдирүү. Бул ыкма өзгөчө инклюзивдүү класстарда маанилүү ролду ойнойт.
- **Санариптик технологияларды колдонуу** — мультимедия, анимация, графикалык программалар аркылуу окуучулар көркөм чыгармаларды санарип чөйрөдө жаратат. Бул ыкма окуучулардын IT-жөндөмүн өнүктүрүү менен катар, заманбап искусствонун тилине адаптациялашууга көмөктөшөт

Инновациялык методдорду колдонуу окуучунун жеке демилгеси менен чыгармачылык эркиндикти колдоо үчүн натыйжалуу болуп саналат. Алар интерактивдүү чөйрөнү түзүп, сабакка кызыгууну арттырат жана билимдин сапаттуу өздөштүрүлүшүнө өбөлгө түзөт.

Методдорду тандоо критерийлери:

Метод тандоодо мугалим төмөнкү факторлорду эске алышы зарыл:

- окуучунун жаш өзгөчөлүгү жана деңгээли;
- сабактын максаты;
- теманын мүнөзү (теориялык же практикалык);
- материалдык-техникалык шарттар;
- чыгармачылык иш-аракеттин түрү (жеке же топтук).

Методдорду туура тандоо көркөм өнөр сабагын ырааттуу, максаттуу жана кызыктуу өткөрүүгө шарт түзөт.

Көркөм өнөр сабагында окутуунун методдорунун классификациясы — сабактын максатына ылайык эффективдүү окутуу стратегиясын аныктоонун негизги баскычы. Салттуу жана заманбап методдордун айкалышы окуучунун чыгармачылык жөндөмүн, эстетикалык кабылдоосун жана билимге болгон мамилесин түптөйт. Натыйжалуу методдук тандоо педагогикалык чеберчиликтин жана билим берүү процессинин сапаттуу болуусунун көрсөткүчү болуп саналат.

Көркөм өнөр сабагында окутуу методдору – бул мугалимдин жана окуучунун ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн педагогикалык каражаттары, алар билим, жөндөм жана көркөм-чыгармачыл көндүмдөрдү натыйжалуу өздөштүрүүгө шарт түзөт. Метод – бул мазмунду өздөштүрүүнүн жол-жобосу, ал окуучунун билим алуудагы активдүүлүгүн арттырып, эстетикалык түшүнүгүн, көркөм ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өстүрөт .

**Окутуу методдоруна жалпы классификациялык мамиле**

Педагогика илиминде окутуу методдору ар кандай белгилер боюнча классификацияланат:

| **Белги** | **Методдордун түрлөрү** |
|---|---|
| Билим берүү булагы боюнча | сөз аркылуу (түшүндүрмө, баяндоо), көрүү аркылуу (демонстрация, көргөзмө), практика аркылуу (көнүгүүлөр, практикалык иштер) |
| Ишеним жана таасир этүү мүнөзү | түшүндүрүүчү, дидактикалык-оюн, эксперименталдык-изилдөө, проблемалуу окутуу |
| Педагогикалык максаты боюнча | билим берүүчү, өнүктүрүүчү, тарбиялоочу |
| Өз ара аракеттин формасы боюнча | фронталдык, жуптук, топтук, индивидуалдык |

Салттуу окутуу методдору

Салттуу методдорго окутуучунун түшүндүрмөсү, баяндамасы, суроо-жооп, көргөзмө, практикалык көнүгүүлөр кирет. Бул ыкмалар окуучулардын негизги билим, түшүнүк жана техникалык көндүмдөрдү өздөштүрүүсүндө маанилүү роль ойнойт. Алардын дидактикалык максаты – окуучунун теманын маңызын түшүнүүсүнө жана негизги терминология менен таанышып чыгуусуна жардам берүү. Мисалы, "форманын пропорциясын берүү" боюнча көркөм сүрөт сабагында түшүндүрүү жана так көрсөтмө берүү натыйжалуу.

Артыкчылыгы:

- Структуралуулук жана башкаруу жеңилдиги.
- Убакытты үнөмдөө.

Чектөөсү:

- Окуучулардын чыгармачыл жигердүүлүгү төмөн болушу мүмкүн.
- Бир нуктагы кабылдоону баса белгилейт.

Инновациялык жана интерактивдүү окутуу методдору

Заманбап билим берүү системасында интерактивдүү жана инновациялык методдор өзгөчө мааниге ээ. Аларга төмөнкү ыкмалар кирет:

- **Долбоордук метод** – окуучулар көркөм идеяны көзкараш катары иштеп чыгышат жана аны конкреттүү продукт катары ишке ашырышат (сүрөт, аппликация, графика).
- **Изилдөө методу** – көркөм түшүнүктөрдү, стилдерди өз алдынча изилдөө, мисалы: “Импрессионизм стилдеринин айырмачылыгы” темасында мини-изилдөө жүргүзүү.
- **Оюн методдору** – ролдук оюндар, арт-сценарийлер (мисалы: “Көркөм галереяны кыдыруу”).
- **Арт-терапия элементтери** – эмоцияны чыгармачылык иш аркылуу чагылтуу (эркин сүрөт тартуу, музыка коштогон сүрөт иштери).
- **Санариптик технологиялар** – Paint, Canva, Google Arts & Culture сыяктуу платформаларды колдонуу.

Интерактивдүү методдордун дидактикалык максаты – окуучунун өз алдынча чыгармачылык аракетин активдештирүү, визуалдык эстутумун өнүктүрүү жана рефлексиялык ой жүгүртүүгө түрткү берүү.

Артыкчылыгы:

- Чыгармачылыкты жана өз алдынчалуулукту өнүктүрөт.
- Эмоционалдык катышты камсыз кылат.
- Кызыгууну арттырат.

Кыйынчылыктары:

- Мугалимден жогорку деңгээлдеги даярдык талап кылынат.
- Материалдык-техникалык камсыздоо зарыл.

**Методу, дидактикалык максаты, өзгөчөлүгү жана натыйжалуулугу менен салыштыруу**

| **Метод** | **Дидактикалык максаты** | **Колдонуу өзгөчөлүгү** | **Натыйжалуулугу** |
|---|---|---|---|
| Түшүндүрүү | Теориялык маалымат берүү | Мугалимдин түшүндүрмөсү, фронталдык иш | Базалык билимди калыптандырат |
| Көрсөтмө | Визуалдык кабыл алууну камсыз кылуу | Макет, сүрөт, үлгү, видео көрсөтүү | Визуалдык эстутумду күчөтөт |
| Практикалык көнүгүү | Кол моторика жана техникалык көндүмдөрдү өнүктүрүү | Иш жүзүндө тапшырмалар, материал менен иштөө | Таңуулоону практика аркылуу бекемдейт |
| Долбоордук иш | Өз алдынчалуулук, чыгармачылык | Чыгармачылык тапшырма, топтук же жекече иш | Жогорку деңгээлдеги рефлексия жана натыйжа |
| Арт-терапия элементтери | Эмоцияны чыгаруучу, ички дүйнөнү ачуучу | Эркин иш, музыка, түс менен иш | Эстетикалык кабылдоону жана өзүн-өзү таанууну жакшыртат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Санариптик технологиялар | Санариптик чөйрөдө иштөөгө көндүрүү | Графикалык редакторлор, онлайн платформалар | Жаңы формадагы эстетикалык көз карашты өнүктүрөт |

**Адабияттар**

1. Абдылдаева, М. **Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү** . Ош: ОшМУ, 2020. 115 б.
2. Абдуллаева, Г. **Чыгармачылык педагогика** . Бишкек: Эл Китеп, 2017. 190 б.
3. Айдарбекова, Н.**Дифференциациялоо жана индивидуальнодаштыруу билим берүүдө** . Бишкек: Билим, 2019. 110 б.
4. Артыкбаева, М. **Башталгыч класстарда окутуунун мазмундук түзүлүшү** . Бишкек: Илим, 2021. 145 б.
5. Асаналиева, Р.Ж. **Инновационный метод обучения принципу дидактики** // Педагогика жана билим берүү журналы. 2020. №2. Б. 70-78.
6. Бабанский, Ю.К. **Оптимизация текущего процесса** . М.: Просвещение, 1982. 192 б.
7. Байгазиев, С. **Окутуунун интерактивный методу** . Бишкек, 2004. 150 б. ISBN 9967-20-912-7.
8. Жумабеков, А. **Окутуунун инновациилык ыкмалары** . Бишкек: Илим китеп, 2021. 170 б.
9. Жумабеков, А. **Окутуунун психологиясы жана методика** . Бишкек: Илим китеп, 2021. 220 б.
10. Жумабеков, Б. **Педагогические технологии жана окутуу методдору** . Ош: Айкөл басмасы, 2021. 200 б.

**УДК:37.018.1**

# ТАРБИЯ БАШАТЫ ҮЙ- БҮЛӨДӨН БАШТАЛАТ

**Мурзабаева Бусанталат Буркановна – окутуучу ОшМПУ**

**Аннотация.** Бул макалада балдарды тарбиялоонун өзгөчө мааниси, тарбия процессинин үзгүлтүксүздүгү жана комплекстүүлүгү тууралуу айтылды. Үй-бүлө, мектеп жана коомчулук - үчөөнүн тыгыз өз ара аракетинде гана бала толук кандуу инсан болуп тарбияланарын белгиледик. Айрыкча, эмгекке тарбиялоо маселеси үй-бүлөдө башталаары, баланын дүйнө таанымы, жоопкерчилиги жана адамдык сапаттары дал ушул алгачкы чөйрөдө калыптанаары баса көрсөтүлдү.

Макалада эмгектин тарбиядагы ролу, ата-эненин жана мугалимдин үлгү көрсөтүүсү, үй шартында жана коомдук чөйрөдө эмгекке тарбиялоонун ыкмалары талданды. Мектеп менен үй-бүлөнүн тарбиядагы айырмачылыктары жана окшоштуктары Гегель сыяктуу ойчулдардын көз караштары аркылуу салыштырылып берилди.

Эмгекке тарбиялоо - бул келечекке жасалган инвестиция экенин белгилеп, ата-эне жана коом бул процессте активдүү катышуучу болушу керек деген жыйынтыкка келет. Макалада келтирилген ойлор педагогдорго, ата-энелерге жана билим берүү кызматкерлерине пайдалуу сунуштар катары кызмат кыла алат.

**Ачкыч сөздөр:** Тарбия, бала, эмгек, коом, ата- эне, технология, маданият ж.б.

# ВОСПИТАНИЕ НАЧИНАЕТСЯ В СЕМЬЕ

**Мурзабаева Бусанталат Буркановна- преподователь ОшГПУ**